# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МЕЗГИЛИНДЕГИ ЭЛДИК РЕВОЛЮЦИЯЛАР

(2002-жылдын, 17-мартындагы Аксы окуясы; 2005-жылдын 24-мартындагы жана 2010-жылдын 7-апрелиндеги революциялар)

**Сабактын максаты:**

– Окуучулар авторитардык режимдин калыптануусу, Аксы окуялары, революциялардын келип чыгуу себептери жана революциянын сабактары жөнүндө маалымат, түшүнүк алышат, кошумча билимдерге ээ болушат;

– Элдик революциялардын келип чыгуусуна шарт түзгөн жаңылыштыктарды кайталабоого аракеттенип, алардын кемчиликтерин аңдап-түшүнүп, кесепеттерине анализ жүргүзүү менен жыйынтык чыгарышат;

– Маалымат булактарын колдонуу менен өз оюн туура жана так айтууга; топтордо, бирдикте иштөө көндүмдөрүнө ээ болушат; бирөөнүн пикирин, көз карашын сыйлоого үйрөнүшөт

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде, окуучулар:**

- авторитардык режимдин калыптануусу менен көмүскөдө калган мамлекеттүүлүктүн баалуулуктарын, принциптерин аңдап-түшүнүп, аларды колдоого алуу демилгесин көтөрүп чыкса;
- Аксы окуяларынын келип чыгуу себептерин түшүнсө;
- акаевдик – үй-бүлөлүк режимдин мамлекетке жана коомго алып келген кесепеттерин түшүнүп, анализдей алса;
- Биринчи Элдик революциянын ийгиликтерин жана кемчиликтерин айырмалап, жыйынтык чыгара алса;
- бакиевдин жаңылыштыгын жана анын үй-бүлөсүнүн иш-аракеттерин, мамлекет үчүн, коом үчүн алып келген кыйынчылыктарын түшүнүп, анализ жүргүзсө;
- Экинчи Элдик революциянын себептерин анализдеп, аны болтурбай коюуунун жолдорун өзү үчүн аныктай алса;
- Президенттик башкаруу менен Парламенттик башкаруунун айырмасын, оң жана терс жактарын түшүнсө;
- коомдун саясий турмушундагы мамлекеттин таасирин, ордун баалай алса;
- улуттук каада-салттарыбызды, баалуулуктарыбызды сактоо, эгемендүү мамлекетибиздин өнүгүүсү үчүн ынтымак, тынчтык жана эмгек керектигин түшүнө алса;
- жарандык коомдогу өз ордун белгилеп, өз принциптерин аныктай алса

**Сабактын тиби:** жаңы теманы өздөштүрүү сабагы

**Сабактын формасы:** ролдук оюн, топтордо иштөө

**Колдонулган ыкмалар:** Тарыхый тумак, Блумдун таксономиясы, Венндин диаграммасы, Концептуалдык карта, класстер, күн жебеси

**Сабакка колдонуучу каражаттар:**

Доска, ватман кагаздар, түстүү маркер, фломастер, скотч, түстүү бор.

**Сабакты өтүү боюнча методикалык сунуштар:**

Эгемендүүлүк мезгилиндеги Элдик революциялар бүгүнкү күндөгү эң олуттуу жана назик тема болуп эсептелет. Тарых илиминде аталган революциялар жөнүндө расмий түрдө жазыла элек болгондуктан, берилген тиркемелер ар түрдүү булактардан алынды жана автордун жеке көз карашын билдирбейт. О.э. бул сабакты өтүүдө өзүңөрдүн жеке пикириңерди таңуулагандан жана кимдир бирөөлөрдү сындоодон, окуяларды каттуу критикалоодон алыс болгула. Силер мугалим катары элдик революцияга нейтралдык көз карашта калыс карашыңар керек. Андыктан бул сабактын максаты дагы элдик революцияларды жана анын катышуучуларын, себепкерлерин талкуулоо эмес, келечекте эгемендүү мамлекетибизде бул окуялардын кайталанбашы үчүн окуучуларга анын тарыхый маанисин жана сабактарын ачып берүү. Классты топторго бөлүп иштетип, көбүнчө суроо-жооп түрүндө, аңгемелешип, окуучулардын ой-пикирлерин билүүгө, аларга туура багыт берүүгө аракеттенгиле. Маалымат булагына карата мугалим суроолорду даярдап, сабакты этаптарга бөлүп алуусу сунушталат. Сабак өтүүдө мурда окуучуларга тиркемелерди такрактып берип, таанышып чыгуусуна шарт түзүү керек. Тиркемелер менен жалпы класс иштейт. “Эдвард де Бононун алты тумак” методу окуучулардын теманын үстүнөн ой-жүгүртүп, оюн так жана орундуу берүүсүнө жардам берет. Бул сабакта алты эмес, төрт тумакты колдонуу сунушталат. Анткени, биринчиден, Кызыл тумак – эмоциялуу катышуучунун тумагы болгондуктан, Элдик революциялар боюнча эмоциялуу ой-пикирлер сабактын максатына туура келбейт деп эсептейбиз. Жашыл жана Көк тумактардын максаты окшош болгондуктан, Жашыл тумак гана тандалды. Экинчиден, төрт группадагы талкуу регламентке туура келет. Сабактын жүрүшүндө мугалим багыттоочу катары болуп, окуучулардын бири-бири менен баарлашуусуна жана тапшырмаларды аткарууда критикаларга жол бербей окуучулардын бири-

биринин укуктарын жана көз карашын сыйлоосуна, “Алтын эрежелердин” сакталуусуна көз салат

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Мугалимдин кириш сөзү (3 м.):** Саламатсыңарбы! Бүгүн биз силер менен Элдик революциялардын келип чыгуу себептери, жүрүшү жана сабактары жөнүндө сабак өтөбүз. Кыргызстан Эгемендүүлүк жылдарындагы тарыхында эки революцияны башынан өткөрдү. Бул революциялар мамлекетибиздин саясий аренадагы аброюна доо кетирип, экономикабызга бир топ чыгашаларды алып келип, калктын жашоо-шартына өзүнүн таасирин тийгизген десек болот. Быйылкы 2015-жылы: Март революциясына 10 жыл, Апрель революциясына 5 жыл толгон учуру. Элдик революцияларды эскерип, сөз кылуунун максаты келечекте мындай каталарга жол бербей, өткөн тарыхтан сабак алып, туура жыйынтык чыгаруу. Бийлик жана байлык колдун кири, ал эми Ата Мекен бул бардык баалуу нерселердин эң баалуусу, барктуусу. Биздин жеке кызыкчылыктарыбыз Ата Журттун, элдин кызыкчылыктарынан өйдө турбашы керек. Бул кандай натыйжаларга алып келүүсү бардыгыбызга белгилүү.

2005- жана 2010-жылдардагы революциялар тарыхта “Жоогазын революциялары” деген ат менен калды. Эмне үчүн мындайча аталганын тактап көрөлү. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында болуп өткөн коомдук-саясий окуяларды “Түстүү революция” термини менен атоо кабыл алынган. Мисалы, Украинада болуп өткөн 2004-жылдагы революция “кызыл сары” (“оранжевый”), 2003-жылдагы Грузиядагы революция “Роза”, Кыргызстанда болуп өткөн революциялар “Жоогазын” (Тюльпан) деген аталыштарды алган. “Түстүү революция” – социалдык эмес саясий төңкөрүш катары каралат. Социалдык революция ири жана ортоңку буржуазиянын кызыкчылыктары үчүн болгон төңкөрүш болсо, саясий революцияга бир топ өзгөчөлүктөр мүнөздүү. “Түстүү революциянын” мүнөздүү белгилери:

- кыймыл агрессивдүү эмес, т.а. массалык кан төгүүлөр болгон эмес;
- революция антикоруппциялык лозунгадрдын астында өтөт;
- парламенттик же президенттик шайлоолордун фонунда, алардын жыйынтыктарын жокко чыгаруу менен башталат же өтөт;
- “Түстүү революциянын” башында бийликтен четтетилген саясатчылар турушат;
- оппозициянын лидерлеринин арасында күчтүү саясатчы аялдын болушу;
- “түстүү революциянын” ийгиликке жетүүсүнө Күч органдарынын иш-аракетсиздиги, кыймылдын катышуучуларына каршылык көрсөтпөгөндүгү чон жардам берет;

- митингчилердин жана оппозициянын талабы менен Жогорку сот органдары башкарып жаткан бийликти мыйзамсыз деп таанып, революциянын лидерлеринин бийлигин мыйзамдаштырат

Бул аталган өзгөчөлүктөр өз мезгилинде бүгүнкү сабакта Элдик революцияларды түшүнүп, анализ жүргүзгөнгө критерий болуп берет.

**1 – этап. Ролдорду бөлүштүрүү (4 м.)**

**Мугалим:** Элдик революцияларды түшүнүп анализдөө үчүн “Эдвард де Бононун алты тумак” методун колдонобуз.

*(Окуучуларды төрт топко бөлүп, ар бир топко бирден түстүү тумактар берилет: Ак, Кара, Сары, Жашыл. Ар бир тумактын өзүнүн позициясы болот. Мугалим алардын ар биринин позициясын топторго түшүндүрүп, эмне үчүн аларга мындай кызмат берилгенин баяндап берет)*

**Мугалим:** Баш кийимдердин позициясы же ролу:

**Ак тумак — объективдүү баш кийим**

Ак тумак алган топ маалыматта айтылган конкреттүү фактыларды гана келтирип, абалга объективдүү карайт. Революциянын келип чыгуу себептерине анализ жүргүзүп, биз кандай маалыматка ээбиз? бизге дагы кандай маалымат зарыл? деген суроолорго жооп берет

**Кара тумак — пессимисттин баш кийими**

Бул топ революциянын ийгиликсиз жактарын көрсөтүү менен алардын калыс эмес жактарын тизмелейт. Элдик революциялардагы кемчиликтер эмнеде? Мунун эмнеси туура эмес? деген суроолорго жооп берет. Эскертүү: кара тумак, акаевдик жана бакиевдик режимдерди эмес, революциянын келип чыгуу себептерин жана революциянын сабактарын сынга алат

**Сары тумак — оптимисттин баш кийими**

Сары баш кийим алган топ долбоордун бардык оң тарабын талдоого алат. Революциянын сабактарын ачып көрсөтүү менен, андагы артыкчылыктар кайсылар? Эмне себептен? деген суроолорго жооп берет

**Жашыл тумак– чыгармачылык менен ой-жүгүртүүнүн баш кийими**

Жаңы идеяларды, альтернативаларды, болушу мүмкүн болгон чечимдерди жана аракеттерди сунуштайт. Мындан ары эмне кылуу керек? деген суроолорду колдонуу менен жооп даярдайт

**2-этап: Группадагы талкуу (10 м.)**

*Ар бир топ колундагы маалыматты пайдаланып өздөрүнүн программасын даярдайт.*

**Ак тумак командасы үчүн болжолдуу багыт:**

- революциялардын жана Аксы окуяларынын келип чыгуу себептерин: саясий, экономикалык, социалдык деп бөлүп алуу;
- фактыларга гана таянуу;
- ашыкча эмоцияга жол бербей, окуяларга объективдүү кароо

**Кара тумак командасы:**
- революциялардын жана Аксы окуяларынын келип чыгуу себептеринин негизгилерин аныктайт;
- ийгиликсиз жактарын көрсөтөт;
- революциялардагы кемчиликтерди санап чыгат

**Сары тумак командасы:**
- революциялардын жана Аксы окуяларынын келип чыгуу себептеринин оң жактарын аныктайт;
- революциялардын артыкчылыктарын ачып көрсөтөт;
- окуяларга нейтралдуу карайт

**Жашыл тумак командасы үчүн болжолдуу багыт:**
- мындан кийинки жаңылыштыктарды кайталабоо үчүн жаңы идеяларды сунуштайт;
- менталитеттик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен мамлекеттин саясаттагы, экономикадагы, коомдогу артыкчылык жактарын белгилейт

**3-этап: Презентация (25 мүн.)**

*Ар бир топ өз алдынча талкуулагандан кийин доскага чыгып өз эмгектерин презентациялайт. Өз долбоорун презентациялоодо: Класстер, Күн жебелери, Концептуалдык карта, Блумдун таксономиясы, Эйлер Венндин диаграммасы ж.б. методдорду колдонсо болот.*

Мисалы, Ак тумактын ээлери Блумдун таксономиясын колдонуусу ыңгайлуу. Себеби анда окуя жөнүндө маалыматка ээ болуп, аны түшүнүү менен колдонуу, анализдөө, синтездөө процесси жүрүп, акырында бааланат

Кара тумак алган команда Венндин диаграммасын алып, эки революцияны салыштырат: өзгөчөлүктөрүн жана окшоштуктарын алып чыгат. Аксы окуясын презентациялоодо Класстерди колдонсо болот

Сары тумактуулар Концептуалдык картаны пайдалануу менен революциялардын сабактарын жалпылап санап чыгат

Жашыл тумактын ээлери Күн жебесин алып, келечекте кандай кадамдарды таштоо керектигин сунушташса болот. Сабакты түбөлүк жашоону билдирген жашыл түстүн презентациясы менен аяктоо – мамлекетибиздин келечеги күн сыяктуу жаркын болуп, тарыхыбыздагы эки Элдик революциялар артта калуусун тилек кылып, андай жаңылыштыкты кайталабоо максатын билдирет

*Окуучулар айтылгандарга кошумча киргизип, суроо берип, же маселени талкууга алса да болот. Мугалимге талкууну толуктап, башкарып туруусу сунушталат.*

**Жыйынтыктоо жана коштошуу (3 м.)**

**Үйгө тапшырма:** Ар түрдүү маалымат булактарынан Украинадагы жана Грузиядагы “Түстүү революциялар” жөнүндө маалымат алып, аларды Кыргызстанда болуп өткөн революциялар менен салыштырып, оң жана терс жактарын, жетишкен ийгиликтерин жана кемчиликтерин, жазып келүү

***1-тиркеме***

**АВТОРИТАРДЫК САЯСИЙ РЕЖИМДИН ПАЙДУБАЛЫНЫН ТҮПТӨЛҮШҮ**

Республиканы башкаруунун президенттик институту Кыргызстанда СССРдин курамында турганында эле киргизилип, 1990-жылы 27-октябрда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети А.Акаевди Кыргыз ССРинин президенти постуна шайлаган. Бул окуя Кыргызстандын соңку саясий тарыхындагы жаңы доордун башталышы болгон. А.Акаевдин саясий бийликке келиши менен мамлекеттеги курч саясий кырдаал жумшарып, коом демократиялык өнүгүү жолуна багыт алган. Туңгуч президент көп эмгектерди жасады: саясий жактан Кыргызстан дүйнөлүк аренада таанылды, чет мамлекеттер менен бир топ ийгиликтүү келишимдер түзүлдү; экономикада көптөгөн реформалар жасалды, ж.б. Бирок, тыйындын эки бети болгон сыяктуу эле А.Акаев бул жылдары авторитардык башкарууну түптөдү. Элдик революциялардын келип чыгуусунун эң негизги себебин түшүнүү үчүн: авторитардык бийлик кантип түптөлдү? Президент качан, кантип бардык бийликти өз колуна топтоп алды? деген суроолорго жооп берүү маанилүү. Авторитардык бийликтин пайдубалын курууну төмөнкүдөй бөлсө болот:

**Биринчи кадам.** Он экинчи шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советтинин 3-сессиясы 1990-жылы 11-декабрда өз ишин баштаган. Президент А.Акаев Жогоку Советке “Мамлекеттик бийлик системасын кайра уюштуруу боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө” аттуу кайрылуусун жана “Кыргыз ССРин облустарга бөлүүнү өркүндөтүү жана жаңы областарды түзүү жөнүндөгү” мыйзам долбоорун жиберген. 14-декабрда Жогорку Совет “Кыргыз ССРиндеги мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын системасын реорганизациялоо жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги Мыйзам) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүү жөнүндөгү”[1] мыйзам кабыл алган. Ага ылайык президент мамлекет башчысы эле эмес, аткаруу бийлигинин да башчысы болуп калган[2]. Мыйзам чыгаруу демилгеси, парламенттин ишине катышуу, өлкөнүн вице-президенти кызматына жана Жогорку соттун төрагалыгына талапкерлерди көрсөтүү, шаардык жана облустук деңгээлдердеги советтердин төрагаларын дайындоо жана иштен алуу эми президенттин компетенцияларынан болуп калган.

Жогорку Советтин 3-сессиясы 1991-жылы 22-январда “Кыргыз Республикасынын министрлер кабинети жөнүндө” мыйзамды кабыл алган. Бул мыйзам боюнча премьер-министр эми өкмөт башчысы эмес, болгону биринчи министр болуп калды. Анын бийлик-укуктары азайып, жоопкерчиликтери мурдагыдай эле көп боюнча калган. Өкмөт башчылык бийлик-укуктары эми

---

[1] О реорганизации системы органов государственной власти и управления в Киргизской ССР и внесении изменений и дополнений в Конституцию (Основной Закон) Кыргызской ССР от 14 декабря *1990 г.,* "Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР", Но 21.
[2] А.А. Асанканов, Инстутут президентства как основа демократических преобразований в Кыргызстане” [в:] Институт президентства в новых независимых государствах, Алматы 2001, с. 187-188.

толугу менен президентке өткөн. 1992-жылы 26-февралда Жогорку Советтин 8-сессиясы тарабынан кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын өкмөтү жөнүндө” мыйзам муну дагы бир жолу тастыктаган. Мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен Кыргыз Республикасынын президенти - мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы болуп калган.

**Экинчи кадам.** А.Акаев алгач мамлекет башчысы катары парламент тарабынан шайланып, өкмөт башчысы бийлигин колго алды. Бир жылга жетпей бүткүл партиялык башкарууну да де-факто өзүнө алган. 1991-жылы апрелде Кыргызстан КП БКнын 1-катчылык кызматына А.Масалиевдин ордуна Ж.Аманбаев шайланган эле. Ошол эле учурда Ж.Аманбаев Президенттик кеңешке да мүчө болуп киргизилген. Муну менен А.Акаев партиядан “колдоо алган”. КПСС жоюлгандан кийин республикадагы компартиянын бийлик-укуктарынын толугу менен президентке өткөн.

**Үчүнчү кадам.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин 1991-жылдын 31-августундагы токтому менен А.Акаев Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкер болуп көрсөтүлгөн[3]. Кыргыз Республикасынын президентин шайлоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамы да ошол күнү кабыл алынган. Демек, Жогорку Совет өз токтому менен ал кызматка талапкер кылып А.Акаевди көрсөткөнү мыйзамдуу болгон эмес. О.э. мыйзамдын тексти А.Акаевдин талапкерлиги көрсөтүлгөндөн 10 күндөн кийин жарыяланган[4]. Бул мыйзамдын 8-беренесине ылайык[5] “Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкерлер мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасындагы саясий партиялар, кесиптик союздар жана массалык кыймылдар тарабынан көрсөтүлөт”. Мыйзам жарыя боло электе эле Жогорку Советтин токтому менен А.Акаевдин талапкерлигинин көрсөтүлүшү мыйзамдын чектерине туура келген эмес.

1991-жылы 12-октябрда өлкөдө президенттик шайлоо өткөрүлүп, анда А.Акаевдин талапкерлиги жалгыз коюлган. Шайлоочулардын 95,30% добушун алган (4,6% каршы) А.Акаев ушул эле жылдын 11-декабрында салтанаттуу ант берген. Эми А.Акаев мандатты Кыргызстан калкынан алган болуп, Жогорку Советке баш ийбей калды. Мыйзам чыгаруучу жана сот бийликтеринин ошол кездеги жетекчилери да президентке карата толук баш ийүүчү мамиледе эле. А.Акаевдин жеке бийлигин чектеген же көзөмөлгө ала турган реалдуу күч жок болуп калды. Президент мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы, парламентке да отчет бербейт, бийликтин мынчалык көп көлөмү постсоветтик бир дагы республикада болгон эмес.

**Төртүнчү кадам.** 1993-жылы кабыл алынган демократиялык Конституция боюнча башкаруунун президенттик-парламенттик республикалык модели түзүлгөн. Алсак, Президент жана Жогорку Кеңеш биргелешип өкмөттү, Конституциялык, Жогорку жана Арбитраждык сотторду түзүшөт, Башкы прокурорду, Улуттук банктын башкармалыгынын төрагасын, чет мамлекеттердеги жана эл аралык уюмдардагы дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн башчыларын дайындашат. Конституцияга 1994-96-98-2003-жылдары өтө орой, ачык эле авторитардык мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү кийирүү жолу менен Негизги мыйзамды жетекчиликке алып, анын беренелерин эч кыйшайуусуз аткаргандын ордуна, аны көзгө илбей, ага байма-бай өзгөртүүлөрдү кийирип, үй-бүлөөлүк бийлигин бекемдеген. Конституциялык реформаларга төмөндөгүлөр мүнөздүү:

– Реалдуу бийликти алып жүрүүчүлөр: А.Акаев, анын үй-бүлө мүчөлөрү. Бул, өз кезегинде, «үй-бүлөлүк башкарууга» алып келген;

---

[3] «Кыргыз Туусу”,газета,Аяк оона айынын 6сы,1991-жыл,1-бет.
[4] «Кыргыз Туусу”,газета,Аяк оона айынын 10у,1991-жыл,1-2-бет.
[5] Кыргыз Республикасынын президентин шайлоо жөнүндөгү 1991-жылы 31-августагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы,8-берене.«Кыргыз Туусу”,газета,Аяк оона айынын 10у,1991-жыл,1-2-бет.

– А.Акаевдин бийлигинин эл тарабынан иш жүзүндө көзөмөлдөнбөстүгү;

– саясий атаандаштыкка, саясий күрөштүн цивилизациялуу формаларына жол бербөө: шайлоолорду болтурбай коюу, оппозицияны кысымга алуу, куугунтуктоо;

– массалык маалымат каражаттарын көзөмөлдөөгө карата аракеттер;

– экономикалык чөйрөдө: бардык кирешелүү ишканаларды жана чарбалык ишмердүүлүктүн түрлөрүн көзөмөлгө алуу;

– бийликке дайындоо, алмаштыруу - конкуренттик шайлоо күрөшү же ачык конкурсу жок, таасирдүү колдоо, туугандык, уруулук белгилери боюнча ишке ашырылган

**2-тиркеме**

## АКСЫ ОКУЯЛАРЫ

Аксы окуялары деген атка конгон бул коогалаң Кыргызстандын тарыхында элдин эркиндик үчүн авторитардык бийликке каршы күрөшүн даңазалаган маанилүү окуя катары орун алган.

Окуянын башы Жогорку Кеңештин Аксы шайлоо округунан депутаты А.Бекназаров: “Ат-Башыдагы мамлекеттик чек ара боюндагы Үзөнгү-Кууш тоо кыркаларынын Кыргызстанга тиешелүү делген 90 миң гектар жерин Кытайга өткөрүп берүүнү жалгыз өзү чечип салган” деп Президент А.Акаевди катуу сынга алуусунан башталган. Мындан кийин расмий бийлик А.Бекназаровдун артынан сая түшүп куугунтукка алат. Көп өтпөй А.Бекназаров 1995-жылы Токтогул районунун прокуратурасында иштеп жүргөн кезинде киши өлтүрүү боюнча кылмыш ишин тергеп, анан күнөөлүүнү коё берген деген доомат менен кылмыш жообуна тартылат.

2002-жылдын январынан баштап март айына чейинки А.Бекназаровдун "ишинин" айланасында болуп жаткан окуялар боюнча өкмөттүк массалык маалымат каражаттарында жалган маалымат менен "ушак-айың" үстөккө-босток жарыяланган.

2002-жылдын 17-мартында Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Боспиек айылында А.Бекназаровду колдогон демонстрация башталган. Ал эми Кербенден 3 чакырым аралыктагы Күлүк-Дөбө айылынын тушунда 30дай милиция кызматкерлери саат 10:00дон 15:00го чейин унааларды, автобустарды токтотуп, жүргүнчүлөрдүн документтерин текшере баштапкан. Кербенден 25-30 чакырым алыстыкта жайгашкан Кызыл-Көл, Кожата, Кара-Суу, Кара-Жыгач, Кой-Таш жана башка айылдардан элдер Кербенге жөө жүрүш жасашкан. Өзүлөрү менен жегенге нан, айран алышып, саат 15:00дөр чамасында Боспиек айылынын тушуна жетип келишкен. Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык жарандар куралсыз, тынч чогулууга, жыйын жана демонстрацияларды эркин өткөрүүгө укуктуу экендигин жана пикетке чыгуу үчүп атайын уруксат керек эмес эле.

Тез арада бул жакка Аксы районунун акими Ш.Осмонов, райондун прокурору А.Калдаров, УККнын башчысы Б.Абдыразаков, райондук милиция бөлүмүнүн башчысы Д.Кулуев, райкеңештин төрагасы Э.Осокеев, облустук ички иштер башкармасынын кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн жетекчиси А.Ракишев жана облустук ички иштер башкармасынын жетекчисинин орун басары А.Калбаевдердин жетекчилигинде 61 милиция кызматкерлери автобустарга отуруп келишет.

Саат 16:30дан баштап ИИМдин командалык курамы күчөтүлгөн тартипте иштөөгө өткөн. Алардын ортосундагы кайым айтышуудан башталган тирешүүлөр уламдан-улам күчөп отуруп, акыры бири-бирине кол көтөрүүгө чейин жетти. А.Калбаев элдерге “15 минут убакыт берем,

тарабасаңар күч колдоном” деп эскерткен. Анан ок атылган. 2 адам окко учкан, 7 адам ар кандай жаракат алып, алардын ичинен 2 адам райондук борбордук ооруканадан каза тапкан. Ошондой эле ички иштер органдарынын кызматкерлеринен да ар кандай жаракат алгандар болгон. Көп күндүк саясий ачкачылык жарыялоодон улам Бишкекте да бир адам каза тапкан

Ошентип, 2002-жылы 17-марттагы кайгылуу окуяда төрт адам окко учкан: Үркүмбаев Сатимбай, 1957-жылы туулган, Сапаралиев Кадыркул, 1965-жылы туулган, Четимбаев Эркиналы, 1971-жылы туулган, Тагаев Советбек, 1977-жылы туулган.

2002-жылы 17-мартта кечки саат 21-00 чамасында Премьер-министр К.Бакиев өткөргөн чогулушта "Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы элдик пункттардагы оперативдик абалдын татаалданыш" маселеси каралган.

Ошондо, Премьер-министр К.Бакиевдин өз колу коюлган токтомдо мындай көрсөтмө жазылган:

"1. Аксы районунда жаралган кооптуу абалды жакшыртуу үчүн укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнөн оперативдүү штаб түзүлсүн, Кыргыз Республикасынын ички иштер министри:

- "Тайфун" (массалык башаламандыкты жөнгө салуу) жана "Буран" (административдик имараттарды коргоо) пландарын аракетке келтирсин;

- окуя болгон жерге жагдай талап кылганга жараша, маселе чечүүгө жөндөмдүү (керектүү санда) милициянын атайын тапшырма аткара турган күжүрмөн отряды жиберилсин” [*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин парламенттик комиссиясынын төрагасы Д.Садырбаевдин доклады. Абийир соту, Б.:2007.10-11-б.*].

2002-жылы 22-майда мамлекеттин коопсуздук Кеңешинин жыйыны чакырылып, окуяга байланыштуу маселелер талкууга алынып, жыйынтыгында Президенттин администрация жетекчиси А.Карыпкулов менен өлкөнүн премьер-министри К.Бакиевдер кызматтарынан алынган. Булардан тышкары Баш прокурор Ч.Абышкаев, ички иштер министри Т.Акматалиев, Жалал-Абад облусунун губернатору С.Урманаев, облус прокурору З.Кудайбергенов жана башка бир катар мамлекеттик кызматкерлер ээлеген кызмат орундарынан бошотулган.

А.Акаевдин тушундагы бийлик аксылыктарды "бир ууч дүрбөлөңчүлөр, экстремисттер, эл бузарлар" деп атап, анын кол астындагы массалык маалымат каражаттары элге бир жактуу жалган маалыматтарды берип турган. Аксы каргашасы боюнча териштирүүлөр создуктурулуп, адилеттүү жыйынтыктар чыкпай, бийликтин мындай жоопкерсиздиги жана көңүл коштугу 2005-жылы 24-марттагы окуяга алып келген себептердин негизгилеринен болуп калган. Кийин бакиевдик клandык режим мезгилинде да адилеттүү кадамдар бул багытта жасалган эмес.

**3-тиркеме**

## 2005-ЖЫЛЫ 24-МАРТТАГЫ РЕВОЛЮЦИЯНЫН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА САБАКТАРЫ

**Себептери:**

- 1996-жылы 10-февралдагы референдумдун жыйынтыгы менен Конституцияга киргизилген өзгөртүүлөрдөн кийин теория жүзүндө, ал эми 2000-жылы 29-октябрдагы А.Акаевдин үчүнчү мөөнөткө Президенттикке шайлануусунан кийин практика жүзүндө, Кыргызстандагы жогорку мамлекеттик бийлик легитимдүү болбой калган. Конституциялык сот тарабынан А.Акаевдин үчүнчү президенттик мөөнөтүнүн “мыйзамдаштырылып” берилиши коомчулуктун кыжырын келтирген;

- А.Акаевдин үй-бүлөөлүк-авторитардык бийлигине каршы элдин нааразычылыгы чегине жетип, 2002-жылы 17-марттагы Аксы трагедиясынан кийин бийликке каршы элдин кыжырдануусу ого бетер күчөгөн. Кумтөр алтын кенинин сатылышы, башкалардын менчигин күч менен тартып алуу жана башка көптөгөн коррупциялык схемалардын түзүлгөндүгү кыргыз коомчулугунда А.Акаевге жана анын үй-бүлөөсүнө каршы ой-пикирлерди жараткан;

- А.Акаевдин ар жыл сайын 20%дан кыскартылууда дегенине карабай мамлекеттик кызматкерлердин санынын көбөйүшү, беш баскычтан (1-жергиликтүү, 2-райондук, 3-облустук, 4-өкмөт аппараты, 5-президенттик администрация) турган мамлекеттик башкаруу системасын кармап туруу эбегейсиз чоң суммадагы каржылоону талап кылган;

- Конституциялык соттун төрайымы Ч.Т.Баекованын кошоматчылык чечиминин жардамы менен А.Акаевдин Президенттик кызматынын 2000-жылы үчүнчү мөөнөткө узартылышы коомчулуктун кыжырын келтирген. А.Акаев “күздө өтүүчү президенттик шайлоодо төртүнчү мөөнөткө талапкерлигин коёт экен” деген пикир да катализатор катары ролун ойноп кеткен;

- 2004-жылы 10-октябрда өткөн жергиликтүү кеңештерге болгон шайлоолор, 2005-жылы 27-февралдагы Жогорку Кеңешке болгон шайлоолор жана ушул эле жылы күзүндө өткөрүүлүгө тийиш болгон Президенттик шайлоого даярдыктар 2005-жылы 24-марттагы окуялардын тездетүүчү катализатору катары кызмат кылган. Кемин районунан уулу Айдар Акаев, кызы Бермет Акаева Бишкек шаарынын №1 Университет шайлоо округунан Жогорку Кеңештин депутаттыгына өз талапкерликтерин коюшканы, оппозициянын өкүлдөрүнө “бут тосулуп”, депутаттыкка өтпөй калышы абалды курчуткан;

- Калктын жашоо-турмушунун эгемендүүлүк мезгилинде болуп көрбөгөндөй оордошу. Өндүрүш каражаттарын жайгаштыруунун жана инвестицияны бөлүштүрүүнүн илимий жактан негизделбеген, ар тараптуу ойлонулбаган, субьективизмге сугарылган саясатынын кесепетинен улам өлкөдөгү ички миграция опурталдуу чекке жеткен. Негизинен инвестиция Бишкек шаары жана Чүй өрөөнүнүн райондору менен гана чектелип калган. Бийликтин ушундай, ачыктан-ачык эле улуттук кызыкчылыктарга каршы саясатына каршы коомдогу нааразычылыктар күчөгөн;

- Тышкы миграция чектен ашкан. Өкмөт өз жарандарына жумуш орундарын түзүп бере албай, өз калкын бага албай, мигранттарды кабыл алган чет өлкөлөр үчүн олуттуу көйгөйлөрдү жараткан. Мамлекет чет өлкөдөгү мигранттардын тагдырына көңүл кош караган;

- Мамлекеттик кадр саясатына “үй-бүлөнүн”, өзгөчө жубайы Майрам Акаеванын, түздөн-түз кийлигишүүсү, эч жөндөмү жок, кошоматчы жана коррупцияга булгангандардын башкаруу системасына кирүүсүнө кеңири жол ачып, жыйынтыгында системанын иштөө эффективдүүлүгүн кескин төмөндөткөн, бийликтин легитимдүүлүгүн жоготкон;

- Калкты митингдерге чыгууга мажбур кылган, элдин кыжырын келтирген эки нерсе болгон: биринчиси, 15 жыл бою А.Акаев орнотуп, бекемдеп келген өлкөдөгү авторитардык саясий режим болсо, экинчиси, А.Акаевдин үй-бүлөөлүк башкаруу системасы. Ушул эки нерсе жоюлсун деген талаптар менен чыгып, бириккен оппозиция элдин ишеничине кирген. Авторитардык бийлик системасы эртедир-кечтир кулай тургандыгы, бул объективдүү, мыйзам ченемдүү көрүнүш экендиги жөнүндөгү теория кыргыз соңку жаңы тарыхында дагы бир ирет тастыкталган

**Сабактары:**

1. Элдин бийликке карата билдирген өз нааразычылыгын, мамлекеттик бийлик органдары күч менен басуунун, куугунтукка алуунун ордуна, сергек жана ийкемдүү мамиле жасап, доомат-талаптарды изилдеп, кечиктирип-создуктурбастан, өз убагында жооп берип, зарыл болгон чечимдерди кабыл алып, ишке ашырып турбады;

2. Жогорку Кеңеш жана Президент 1993-жылы 5-майда жаңы Конституцияны кабыл алгандан кийин аны кантип өзгөртүүнүн үстүнөн эмес, анын талаптарын кантип аткаруунун үстүнөн ойлонуп, анын аткарылышын жана бузулбастыгын кепилдикке алса максатка ылайык болмок. Конституцияны өзүнүн авторитардык бийлигин күчөтүү максатында, дембе-дем өзгөртө берип, ал бумеранг сыяктуу айланып келип Президенттин башына тийди;

3. Мамлекет башында турган Президент эл ишенип берген чоң бийликке ал өзү ээ боло албай, үй-бүлөөлүк-авторитардык саясий режим орноп, мамлекеттүүлүктүн пайдубалына шек келген учурларда, эл митинг, демонстрацияларга чыгып, мамлекетти диктатордук режимден сактап калгандыгы;

4. Бир адамдын колуна, эбегейсиз көп мамлекеттик бийлик-укуктарды топтоо өтө опурталдуу экендигин практикада көрүп, өз башыбыздан кечирдик, демократ Президент кантип авторитардык Президентке айлангандыгына күбө болдук. Бийликтин үч бутакка, сөз жүзүндө эле эмес, иш жүзүндө да, так бөлүнүшү, алардын ортосундагы тең салмактуулук жана бирин-бири кармап туруу принциптеринин өтө дыкаттык менен сакталышы керектиги далилденди;

5. Конституциялык сот жана Парламент мамлекеттик бийликтин бардык кулпуларынын ачкычын бир адамдын колуна салып берген. Президентти "Конституциянын гаранты" – деп көтөрмөлөй берип, ал өлкөнүн Баш мыйзамын жамынып алып, өз үй-бүлөсүнүн, балдыз-бажаларынын жана табакташтарынын бийликке аралаштырды. Демек, Конституцияда көрсөтүлгөн мөөнөтү бүткөндөн кийин Президент өз бийлигин мыйзам чегинде, кийинки Президентке тынчтык жолу менен, ачык-айкын, демократиялык шайлоолор жолу менен өткөрүп берүү салтын калыптандыруу жана бекем сактоо керек

**4-тиркеме**

## 2010-ЖЫЛДАГЫ 7-АПРЕЛЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫ: СЕБЕПТЕРИ ЖАНА САБАКТАРЫ

**Себептери:**

- 2005-жылы 24-марттагы демонстранттардын эң башкы талабы да, К.Бакиев жетектеген КЭКтин (**Кыргызстан элдик кыймылы.** 2004-жылы сентябрда түзүлгөн) элге берген убадасы да – тезинен конституциялык реформаларды өткөрүү болгон. А.Акаев түзгөн үй-бүлөлүк башкарууну жана авторитардык саясий режимдин укуктук негиздерин биротоло жоюу – жаңы бийликтин биринчи кезекте чече турган милдети болчу. Бирок, К.Бакиев президент болуп шайлангандан кийин Конституциялык реформаны өткөргүзү келбей калган. Бакиев-Кулов тандеми бузулган. Оппозиция сатылып, ыдырап, бийлик бекемделип, реакция күчөгөн. Ушундай кырдаалда, 2007-жылы 21-октябрда, референдум аркылуу “бакиевдик Конституция” кабыл алынган. Буга ылайык президент Бакиевдин ыйгарым укуктары, 2003-жылкы “акаевдик Конституцияга” салыштырганда эбегейсиз көбөйгөн. Эртеси күнү К.Бакиев парламентти таратып, бир айдан кийин премьер-министр А.Атамбаевге “Даңк” орденин берип, анан эртеси күнү эле аны кызматынан алып койгон. 16-декабрда парламенттик шайлоо өткөрүлүп, Жогорку Кеңештеги 105 орундун 71 мандатына “ээ” болгон Бакиевдердин “Ак-Жол” партиясы бийликке келген.

- Авторитардык саясий режим, үй-бүлөлүк-кландык башкаруу системасы кайрадан кайталана баштаган. 2009-жылдын аягында Конституцияны жаңы долбоору даярдалып, президенттик орун Бакиевдин уулу Максимге түздөн-түз өтөөрү көрсөтүлгөн. Баш мыйзам өзгөртүлө электе мамлекеттик институттар – Инвестициялар жана инновациялар боюнча борбордук агенттик (ЦАРИИ – Центральное агентство по развитию, инвестициям и инновациям)

түзүлүп, Конституциядагы айрым бийлик органдары жоюлган. Өлкөнү иш жүзүндө Максим Бакиев башкарып, Премьер-министр, өкмөт, парламент Бакиевдердин менчигине айланган. Ушунун баары Конституциянын бузулбастыгынын сакчысы болгон Конституциялык соттун төрайымы Ч.Баекованын макулдугу менен жүргүзүлгөн;

- Өндүрүш каражаттарынын өндүрүмдүүсү, акаевчилерден калгандары президенттин жакындары тарабынан менчиктештирип, же сатылган. Акчаны чет өлкөлөргө чыгарып кетүү улантылган. Кыргызстандын экономикасындагы стратегиялык багыттагы кен байлыктар, отун энергетикасы, байланыш тармактарын президенттин үй-бүлөсүнүн кызыкчылыгы үчүн менчиктештирүү, чет өлкөлүктөргө пайдаланууга берүү күч алды. Электр энергиясын көмүскө сыртка сатылып, Токтогул суу сактагычындагы суунун деңгээли эң төмөнкү чекке жетип, элдин үйүндөгү электр жарыктары өчүрүлө баштаган. Ошол эле учурда суунун кайда кеткени, кимге сатты, ким сатты, канчага сатты, киреше бюджетке түштүбү сыяктуу дагы башка көптөгөн суроолор жоопсуз калган;

- Өлкөдө коррупция күч алды. Эми элди укук коргоо, сот, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү акчаң же таанышың болсо гана кабыл алып калган. Айдар түзүп кеткен коррупциялык схемаларды Максим андан ары “өркүндөтүп, гүлдөтүп”, Интерполдун издөөсүндө жүрүшкөн эл аралык деңгээлдеги аферистерди (В.Белоконь, М.Надель, Е.Гуревич, А.Елисеев, С.Костырин, М.Цой, А.Ким менен анын иниси С.Ким, А.Темирбаев ж.б.) Кыргызстанга алып келип, аларды жогорку мамлекеттик кызматтарга дайындап, алар менен өлкөнү талап-тоноо багытында иштешкен;

- 2008-жылы октябрда өткөн Бишкек шаардык кеңешине жана башка жергиликтүү кеңештерге болгон шайлоолор, 2007-жылы 16-декабрдагы Жогорку Кеңешке болгон кезексиз шайлоо жана 2009-жылы 23-июлдагы Президенттикке шайлоо – мыйзамдарды көзгө илбөөчүлүк менен өткөрүлүп, шайлоонун жыйынтыктары бурмаланган. Жогорку Кеңеш менен Бишкек шаардык кеңешке (ошондогу мэр Н.Түлеев түзгөн тизмеге ылайык) жалаң эле бакиевдердин жан-жөкөрлөрү, алыс-жакын туугандары менен дос-тамырлары “шайланып”, калган орундар сатылган. Оппозициянын өкүлдөрүнө “бут тосулуп”, алардын көпчүлүгүнүн депутаттыкка өткөнүнө карабай тизмеден “чийилип” салынышы 7-апрель окуясынын болушун тездеткен катализаторлордон болгон;

- Сөз эркиндиги бакиевдердин үй-бүлөсүнүн толук көзөмөлүндө болуп, башкача ой-пикирди чагылдырган ММКлар куугунтукталган. Борбордук Азиядагы саясий турмушту чагылдырган бир катар интернет-сайттар жабылган, 2010-жылы 11-мартта “Азаттык” радио берүүсү жабылып (2005-жылы 24-мартка 18 күн калганда да ушундай болгон), 15-мартта “БиБиСи” радио берүүсү жабылган, "Де-Факто", "Алиби" ж.б. ММКлар куугунтукка алынып, региондорго радио угулбай, эркин гезиттер жетпей калган;

- Белгилүү саясатчыларга жана журналисттер табышмактуу, күмөндүү шарттарда жок кылынган. Учурунда Бакиевдердин санаалашы, бирок, кийин оппозиция тарапка ооп бараткан, саясатчы Медет Садыркуловду, анын жанындагы эки адамды кошуп өмүрүн кыйып, ээн жерге алып барып өрттөп жиберишкен. Оппозициянын өкүлдөрү И.Исаков, Э.Булекбаев, С.Аргынбаев, А.Жекшенкулов жана башкалар камалган. Ала менен кошо 19 адамдын үстүнөн фальцификация менен кылмыш иштери токулуп, көпчүлүгү камакка алынган. Бул тарыхта "Балыкчы процесси" деген ат менен калды. К.Байболов, Ө.Абдрахманов, Э.Байсалов сыяктуу оппозиция лидерлери чет өлкөлөргө баш калкалап, дагы бир тобу өлкөнүн ичинде “подпольеге” түшүп кетүүгө аргасыз болушту;

- Бакиевдин режими учурунда Каркыра жайлоосу, көл жээгинен 4 пансионат казактарга берилип (2003-жана 2006-жылдары Парламент буга жол берген эмес, бул чечимдерди 2008-жылы шайланган Парламент кабыл алган), Жетим-Тоо, Арпа, Аксайдан айрым участокторду Кытайга

ижарага берүү процесси жүргүзүлүп жаткан. "Түндүк электр", "Чыгыш электр" ААКсы, Кыргызтелеком менчиктештирилип, электр энергиясынын жарандар үчүн баасы 2010-жылдын 1-январынан эки эсеге кымбаттап, ал эми 2010-жылдын июль айынан баштап беш эсе кымбаттаары чечилип, уюлдук телефонду пайдалангандарга ар бир чалганы үчүн 60 тыйын кошумча баа киргизилген;

- Тышкы миграция көйгөйү күчөгөн. Бул өлкөлөр менен болгон мамилелерде миграция көйгөйлөрү толук макулдашылып чечилбегенден улам кыргыз мигранттарынын абалы укуктук алкактан тышкары калып, алардын жашоосун оордоткон. Ички миграция маселелери катуу курчуган. Оппозиция лидерлери тарабынан түштүктүн калкына "жеңиш колго тийип калса, анда Бишкектин тегерегинен үй куруунга жерлер берилери" убада берилип, 2005-жылы 24-март окуясына Бишкекке жүрүш жасоого үгүттөшкөн. "Жеңиш колго тийгенден" кийин Аламүдүн жана Сокулук райондорунун көптөгөн айдоо жерлерин "биз революционерлербиз" деген адамдар мыйзамсыз басып алышкан. Бийликтегилер бул басып алууларды эч каршылыксыз мыйзамдаштырып беришкен, убадаларын аткарышкан. Албетте, мындай баскынчылык ансыз деле оор турмушта жашашкан жергиликтүү тургундардын кыжырын келтирген;

- Азия мамлекеттеринде демократиялуу мамлекет түзүү боюнча тажрыйбасы жок болуп, революцияга катышкан саясий күчтөрдө биримдик начар болуп, бирдиктүү аракеттер болгон эмес. Бизде регионализм, уруучулдук, тууганчылык, коммунисттик идеологиянын таасири күчтүү эле. 2008-жылдын декабрында оппозиция Бириккен элдик кыймыл түзүлгөнүн жарыялаган (БЭК)

**Сабактары:**

1. Элдин ишенимин, келечекке болгон үмүтүн, чын ниетинен болгон колдоосун дайыма, кандай гана кыйынчылыктар болбосун, болгон мүмкүнчүлүктөрдү жумшоо менен бийлик тарабынан аткаруу жана аткарууга тынымсыз аракет кылуу керектиги;

2. Бийлик элдин күчтүү кысымы астында алмашаары менен, биринчи кезекте, Конституцияны өзгөртүп, анан парламенттик жана президенттик шайлоолорду өткөрүү, жаңы бийликти жаңы укуктук негизде жана элдин талабын аткарууга зарыл шарттарды түзүү, мамлекеттик бийликтин бир адамдын колуна топтолушуна эч качан жол бербөө;

3. Акаевдик режим мезгилинде, 2002-жылдын 17-марттагы Аксы окуясында алты адам окко учуп, дагы бир адам ачкачылыктан улам каза тапкан. Бакиевдер 2010-жылы 7-апрелде 87 кишини атып өлтүрүп, 1500дөн ашыгын жарадар кылган;

4. Эки революцияда тең, криминалдык элементтер тез жанданып, "каралар" ачыктан-ачык эле иштешип, туйтунушкан. Алар карапайым элдин ак эмгеги менен тапкан менчигин да, мамлекеттик менчикти да талап-тоношуп, коррупциялык жол менен байып, анан төңкөрүштүн жыйынтыгында бийлигинен ажыраган ар бир бай-чиновниктин үйлөрүнө барып тоношкон. Эки учурда тең эл да утулган, мамлекет да утулган, Бишкек шаарынын маанилүү объектилери талкаланган. Жалаң гана "каралар" укмуштуудай, дегеле түшкө кирбегендей байышкан. Өлкөнүн укук коргоо органдары жеке менчикти да, мамлекеттик менчикти да мыйзамда көргөзүлгөндөй коргой алышкан эмес;

5. 2010-жылы 8-апрелден 14-апрелге чейин, бир жуманын ичинде, Бакиев менен анын баш кесерлери, кайрадан бийликти колго алуу максатында, өлкөнүн түштүгүн бөлүп кетүү аракетин жасаган. Жалал-Абадда Бакиевдин сепараттык аракеттерин колдонушуп бир нече миң киши чогултуп, облустук мамлекеттик администрациянын кеңсесин басып алышып, өздөрүнүн губернаторун шайлаганга да үлгүрүшкөн. Кыргызстанды түндүк жана түштүккө бөлүп-жаруу жана жарандык согушту тутандыруу аракеттери ишке ашпай калган;

6. Мамлекеттик бийликти алмаштыруу күч колдонуу аркылуу эмес, мародерчулук менен коштолгон талап-тоноо, кан төгүүлөр менен коштолгон революциялар жолу менен эмес, тескерисинче, тынчтык жолу менен, мыйзам чегинде, таза шайлоо аркылуу болсун деген сабак. Үй-бүлөлүк бийлик, мыйзамды көзгө илбөө, сөз менен иштин ажырымы, мамлекеттик саясат деңгээлине жеткен караөзгөйлүк, системалуу жана саясий коррупция коомдун бөлүнүп жарылышына, бийликке карата элдин ишеничинин кетишине, дегеле, мамлекеттүүлүктүн пайдубалына доо кетирген чекке алып келди. “Акаевчилер” менен “бакиевчилер” өз мекенине батпай, дүйнө кезип, качкындарга айланышты;

7. Мамлекетти башкаруунун президенттик формасы биздин өлкө үчүн ыңгайлуу форма эмес экендигин практика экинчи жолу тастыктаган. Башкаруунун парламенттик республика формасына тезинен өтүү зарылчылыгы жана сабагы буга чейин оппозиция лидерлери тарабынан гана колдоого алынып келген болсо, эми жалпы кыргыз коомчулугу тарабынан түшүнүүгө жана колдоого ээ болгон. Парламенттик республика формасына ылайык бийликтин үч бутакка так бөлүнүшү, алардын ортосундагы тең салмактуулук жана бирин-бири кармап туруу принциптеринин өтө дыкаттык менен сакталышы гана үй-бүлөөлүк-авторитардык бийликтин орношуна жол бербейт, ага чоң бөгөт болот!